«БЕКИТЕМИН»

ОшМУнун ректору,
профессор К.Г. Кожобеков

_______________
«___»_________2026-ж.

**Ош мамлекеттик университетинин базалык докторантурасына (PhD/профиль боюнча) 2026-2027-окуу жылына кабыл алуу эрежелери**

1. Ушул Ереже Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы № 179 «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-июлундагы № 358 токтому менен бекитилген «Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча жобого, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августундагы № 517 токтому Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө жобого, ОшМУнун Уставына жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык иштелип чыкты. Ушул Эрежелер ОшМУнун базалык докторантурасына (PhD/профиль боюнча) кабыл алууда аттестациялык сыноолорду уюштуруунун жана өткөрүүнүн жалпы талаптарын белгилейт.
2. ОшМУнун базалык докторантурасына (PhD/профиль боюнча) Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар кабыл алынат. Алар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августундагы № 517 токтому Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө Жобого, ошондой эле Кыргыз Республикасы ратификациялаган эл аралык келишимдерге ылайык, магистр диплому же тиешелүү багыттагы адис квалификациясын ырастаган жогорку кесиптик билимге ээ болууга тийиш. Медициналык багыт боюнча PhD/тармак боюнча докторантурага ординатураны аяктаган адамдар тапшырууга укуктуу. Кабыл алуу илим тармактары боюнча билим берүү программаларына жүргүзүлөт. Окутуу күндүзгү формада, контракттык негизде, аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу мүмкүнчүлүгү менен ишке ашырылат. PhD/тармак боюнча докторантурада окуу 3 жылдан кем эмес мөөнөттү түзөт.
3. Документтерди кабыл алуу ОшМУда белгиленген кабыл алуу тартибине ылайык техникалык катчы тарабынан жүргүзүлөт. Талапкер кабыл алуу комиссиясына төмөнкү документтерди тапшырат:
   - ОшМУнун ректорунун атына жазылган арыз;
   - магистр же адис дипломунун нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
   - чет өлкөлүк диплом үчүн тиешелүү дипломдун нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү, ошондой эле чет өлкөдө алынган билимди таануу жана эквиваленттүүлүгүн ырастоо жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын маалымкаты;
   - паспорттун жана аскердик билеттин көчүрмөсү (Кыргыз Республикасынын жарандары арыз берүүдө түп нускасын көрсөтөт);

- иштеген жери боюнча кадрлар бөлүмү тарабынан күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
- кадрларды эсепке алуу боюнча жеке баракча (эмгек стажы бар адамдар үчүн);
- 3,5×4,5 см өлчөмүндөгү төрт даана түстүү сүрөт;
- илимий жана илимий-методикалык иштердин тизмеси (бар болсо);
- болжолдонгон илимий жетекчилердин (ата мекендик жана/же чет өлкөлүк) макулдугу жана ар биринин резюмеси;
- болжолдонгон илимий жетекчилердин жарыяланган эмгектеринин тизмеси, анын ичинде Scopus жана/же Web of Science базаларында индекстелген журналдарда жарыяланган кеминде эки макала;
- профиль боюнча мотивациялык эссе (1-2 бет, 200-400 сөз):
  а) даярдоо багытын жана изилдөө темасын тандоонун себептери;
  б) билим берүү жана кесиптик тажрыйбасы;
  в) илимий жетишкендиктери жана изилдөө кызыкчылыктары;
  г) докторантурада окуунун максаттары;
  д) күтүлгөн натыйжалар жана илимге же практикага кошо турган салымы;
- англис тилин билүү деңгээлин жалпы европалык стандарттарга ылайык ырастаган сертификаттардын көчүрмөлөрү (бар болсо).
- чет өлкөлүк жарандар үчүн документтердин кыргыз же орус тилине нотариалдык котормосу, зарыл учурда апостиль же легалдаштыруу, милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси;

  документтер электрондук түрдө берилсе, окууга кабыл алууда алардын түп нускалары милдеттүү түрдө салыштырылат.

4. Кирүү экзамендерин өткөрүү жана окууга кабыл алуу мезгилинде ОшМУнун ректорунун буйругу менен кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысынын рапортуна ылайык экзамендик жана апелляциялык комиссиялар түзүлөт. Конкурс адистик боюнча кирүү сыноолорунун жыйынтыктарынын негизинде жүргүзүлөт. Кирүү сыноолору тандаган даярдоо багыты боюнча маектешүүнү, изилдөө сунушун коргоону жана англис тили боюнча сынакты камтыйт. Сыноолордун формасы, баалоо шкаласы жана босого балл кабыл алуу комиссиясы тарабынан жыл сайын бекитилип, алдын ала жарыяланат.
5. Аспирантура жана докторантура бөлүмү документтерди кабыл алууну жана кирүү сыноолорун уюштурууга катышат жана көзөмөлдөйт.

   PhD/тармак боюнча докторантурага кабыл алуу жыл сайын 20-июндан тартып 10-октябрга чейин өткөрүлөт.

   Документтер Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-августундагы № 517 токтому Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө жобого ылайык жыл сайын 10-июлдан 10-октябрга чейин кабыл алынат:

- 10-июлдан 31-августка чейин: кафедраларда программа жетекчилери менен маектешүү, диссертациянын темасын жана илимий жетекчилерди аныктоо;

- 1-сентябрдан 30-сентябрга чейин: PhD докторантурасына талапкерлердин документтерин кабыл алуу;
- 15-сентябрдан 30-сентябрга чейин: кирүү экзамендеринин программаларын жана билеттерин даярдоо, экспертизадан өткөрүү;
- 1-октябрдан 10-октябрга чейин: кирүү сыноолорун өткөрүү;
- 5-октябрдан 10-октябрга чейин: чет өлкөлүк жарандар үчүн кирүү экзамендерин өткөрүү. Өзгөчө учурларда университет кирүү сыноолорунун графигин өзгөртүүгө укуктуу. Сынактардын так күнү, убактысы жана форматы алардын башталышына кеминде 10 календардык күн калганда ОшМУнун кабыл алуу комиссиясы тарабнан жарыяланат. Форс-мажордук жагдайларда график ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча өзгөртүлөт.

6. Кирүү экзамендеринин программалары жана экзамендик билеттер тиешелүү PhD программаларын бүтүрүп чыгаруучу кафедралар тарабынан иштелип чыгып, ОшМУнун ректору тарабынан бекитилет.
7. Экзамендик комиссиянын курамына жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык жана илимий кадрлар, анын ичинде болжолдонгон илимий жетекчилер киргизилет. Комиссиянын курамына тиешелүү тармак боюнча илимий даражасы бар адистер, зарыл учурда башка ЖОЖдордун жана чет өлкөлүк уюмдардын эксперттери киргизилиши мүмкүн.
8. Экзамендик комиссия сынакты анын курамынын кеминде төрттөн үч бөлүгү катышканда, анын ичинде төрага же анын орун басары катышканда өткөрүүгө укуктуу. Комиссиянын ишин төрага, ал жок учурда анын орун басары уюштурат. Комиссия мүчөлөрүнүн онлайн катышуусу жана добуш берүүсү протоколдо өзүнчө белгиленет.
9. Экзамендик комиссиянын чечими протокол менен таризделет жана анда талапкерге берилген суроолор көрсөтүлөт. Ар бир талапкер үчүн өзүнчө протокол түзүлүп, ага төрага же анын орун басары жана комиссиянын мүчөлөрү илимий даражаларын жана наамдарын көрсөтүү менен кол коюшат. Протоколдор аспирантура жана докторантура бөлүмүнө өткөрүлүп, талапкерлердин жеке иштеринде сакталат.
10. Комиссиянын ишинин жыйынтыгы жана кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысынын рапорту боюнча PhD докторантурасынын 1-курсуна кабыл алуу жөнүндө ректордун буйругу чыгарылат. Кабыл алуу жөнүндө буйрук билим тууралуу документтин түп нускасы текшерилип, окуу келишими түзүлүп жана келишимде белгиленген төлөм аткарылгандан кийин чыгарылат.
11. Чет өлкөлүк жарандардын документтерин экспертизадан өткөрүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт. Чет өлкөдө алынган билимди таануу жана эквиваленттүүлүгүн ырастаган маалымкатсыз окууга кабыл алууга жол берилбейт. Чет өлкөлүк жарандар (Беларус Республикасынын, Россия Федерациясынын, Казакстан Республикасынын жана Тажикстан Республикасынын жарандарынан тышкары) ОшМУга тапшыруу үчүн Жогорку билим берүү, илим жана инновациялар министрлигинин Чет өлкөлүк студенттерди кабыл алуу борборунун Чет өлкөлүк жарандарды кабыл алуунун бирдиктүү порталына каттоодон өтүүгө тийиш: https://edugate.ilim.gov.kg/edugate/.
12. Чет өлкөлүк жарандар үчүн кирүү экзамендери оозеки формада өткөрүлөт. Өзгөчө учурларда онлайн форматка жол берилет. Онлайн форматта талапкердин инсандыгы

текшерилип, байланыштын туруктуулугу камсыздалат жана сынактын жүрүшү аудио-видео жазууга алынат. Сыноонун тили программага жараша кыргыз, орус же англис тилинен тандалат.

13. Бош орундар болгон учурда кошумча кабыл алуу жарыяланышы мүмкүн. Анын мөөнөттөрү кабыл алуу комиссиясы тарабынан аныкталат.
14. Бирдиктүү талаптарды сактоо жана талаштуу маселелерди чечүү үчүн апелляциялык комиссия түзүлөт. Ал талапкерлердин кирүү сыноолорунун мазмунуна байланыштуу арыздарын карайт.
15. Апелляциялык комиссия кирүү сыноолору өткөрүлгөн мезгилде иштейт. Арыздар апелляциялык комиссиянын төрагасынын атына берилет.

**Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы:** **Парайдин уулу Ш.**